6. Райондук казына бөлүмү аркылуу Бешкент айылдык кеңешинин аймагынан чогулган салыктар, жыйымдар жана атайын каражаттар Бешкент айыл өкмөтүнүн эсебине топтоштурулуп чыгымдалышына жетишилсин.
7. 2024-жылга Бешкент айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгымдарын каржылооанын киреше бөлүгүнүн аткарылышына жараша жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин, анын ичинен биринчи кезекте корголуучу статьялар боюнча (Эмгек акыларды төлөө , соц фонд чегерүү , коммуналдык кызматтарга жана тамак – аш сатып алууга).
8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде Бешкент айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдык клубдар, китепканалар, коргонуу, соц коргоо, билим берүү жана бала бакчаларга жеңилдиктер Бешкент айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгарылсын.
9. 1-Январь 2024-жылга бюджеттик каражаттардан калган 6 125,1 миң сом акча каражаттарынын сметасы №7 тиркемеге ылайык бекитилсин.
10. 1-Январь 2024-жылга атайын эсептен калган 1,8 миң сомдук акча каражаттарынын сметасы №8 тиркемеге ылайык бекитилсин.
11. Бешкент айыл өкмөтүнүн 2023-жылда каржыланбай калган чыгымдарды 2024-жылга каралган бюджетинин чегинде каржылансын.
12. Бешкент айыл өкмөтүнүн бюджетине киргизилген өзгөртүүлөр айылдык кеңештин сессиясында жактырылгандан кийин аткарууга алынары белгиленсин.
13. Бешкент айыл өкмөтүнүн бюджети боюнча 2024-жылдын 1-январына карата жүргүзүлүүчү кассалык накталай акча 00,0 миң суммасында белгиленсин.
14. Бешкент айыл өкмөтүнүн 2024-жылга каралган бюджети 2024-жылдын 1-январынан ишке баштап киргизилсин.
15. Бешкент айыл өкмөтүнүн 2024-2025-2026-жылдарга болжолдуу бюджетинин долбоору бекитилсин.
16. Бул чечимдин аткарылышын камсыздоо Бешкент айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Б.Эргашевке көзөмөлдөө Бешкент айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Бешкент айылдык кеңешинин төрагасы: О. Т. Баховотдинов**